КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКДЕМИЯСЫНЫН ТҮШТҮК БӨЛҮМҮНҮН ЖАРАТЫЛЫШ БАЙЛЫКТАРЫ ИНСТИТУТУ

ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ К.01.17.554

Кол жазма укугунун негизинде

УДК 517.928

Мурзабаева Айтбу Бусурманкуловна

СИНГУЛЯРДУУ ДҮҮЛҮККӨН ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИ КУБУЛГАНДА КӨПТҮКТӨРДҮ БӨЛҮҮ МЕНЕН ИЗИЛДӨӨ

01.01.02 – «Дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдуу башкаруу»

Физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Ош-2019

Диссертациялык жумуш Ош технологиялык университетинин “Колдонмо математика”кафедрасында аткарылган

Илимий жетекчиси: Алыбаев К.С. –физика-математикалык илимдердин доктору, профессор

Расмий оппоненттер:Арипов М.М.- физика-математикалык илимдердин доктору, профессор(Ташкент шаары, Өзбекстан)

Турсунов **Д.**А.- физика-математикалык илимдердин доктору, профессор (Ош шаары, Кыргызстан)

Жетектөөчү мекеме:КР УИАнын математика Институту

Дареги: Бишкек шаары, Чуй проспектиси, 265 а.

Диссертацияны коргоо 2019-жылдын «17» май күнү саат 14 дө 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331 дареги боюнча Ош мамлекеттик университетинин, Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн жаратылыш ресурстары институтунун жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин алдындагы физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган К 01.17.554 диссертациялык кеңешинин жыйынында өткөрүлөт.

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин Борбордук китепканасынан жана КРЖАК http//vak.kgсайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2019 - жылдын ... жөнөтүлдү.
Диссертациялык кеңештин
Окумуштуу катчысы
ф.-м.и.к.,доцент Бекешов Т.О.

ЖУМУШТУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Теманын актуалдуулугу. Сингулярдуу дүүлүккөн теңдемелер(СДТ) физиканын, механиканын, электротехниканын, гидродинамиканын, автоматтык жөнгө салуу жана башкаруунун маселелерин чечүүдө пайда болот.Мисалга алсак СДТ кванттык механикада маанилүү ролду ойнойт. Мындай класстагы теңдемелерди изилдөөүчүн Вентцель, Крамерс, Бриллюэн берилген СДТ чечимдерининабалын изилдөөгө мүмкүндүк берген так эмес усулдарды түзүшкөн. Физиктер көпчүлүк учурларда чечимдердин абалын изилдөөгө мүмкүндүк берген асимптотикалык усулдарды ВКБ усулдарыаташат. СДТ ошондой эле гидродинамиканын маселелерин изилдөөдө да пайда болот. Илеешкек суюктуктун эки түрү жашайт: ламинардык жана турбуленттик. Биринчи агым ылдамдыктын вектор – функциясынын жардамы менен сүрөттөлөт,бирок жай жана каалгып өзгөрөт,вектор талаанын түз сүрөттөлүшү математикалык физиканын так жана ачык маселеси болот. Турбуленттик агымдагы болуп өткөн өзгөрүүлөр абдан тез жана регулярдуу эмес, аны статистикалык терминдерде гана сүрөттөөгө мүмкүн. Агымдын ылдамдыгы өсүп же суюктуктун илешкеектиги азайганда, ламинардык абалдан турбуленттике өтүү күтүлбөгөн жерден болуп турат. Мунун натыйжасында бул абалдардын арасындагы айырмачылыктар сандыкка караганда(абалдары сапаттык ар түрдүү) көбүрөөк сапаттык болот. Бул кубулуштун жалпы кабыл алынган түшүндүрүүсү болуп, агымда пайда ламинардык дүүлүгүлөр убакыттын өтүшү менен өчөт, б.а “туруктуу” болот, ошол убакытта турбуленттик агымда аныкталган дүүлүгүлөр мурдагы абалды толугу менен өзгөртөт.

Бул кырдаалды анализдөөүчүн ламинардык агымдын кичине дүлүүгүсүндө, Навье-Стокстун сызыкташтырылган тендемелерин колдонуу аракети болгон. Мындай ыкма Рэлейге таандык. Бул теорияда башкы ролду Орра-Зоммерфельданын теңдемеси ойнойт. Берилген теңдемеде R, α параметрлери катышат. (R-Рейнольдстын саны и α- термелүүчү дүүлүгүлөрдүн жыштыгы).$\alpha \cdot R$ дин чоң маанилеринде ламинардык абалдан турбуленттикке өтүү болот. Мындан башка теңдеме комплекстик тегиздикте бурулуу чекитине ээ. Эгерде$\varepsilon = (R\alpha)^{-\frac{1}{2}}$ кичине параметри киргизилсе, анда Орра-Зоммерфельданын тендемеси СДТге айланат. Тендемелердин мындай класстарын Вазов , Рабенштейн , Линь,Лангер, Сибуйялар изилдешкен.

Мындай теңдемелердин класстары үчүн чыгарылыштардын асимптотикалык ажыралмасын тургузуу деп аталып К.А.Алымкулов тарабынан, өзү түзгөнчектик функциялардын жалпыланган усулу аркылуужүргүзүлгөн.

Азыркы убакта СДТдин ар түрдүү класстары изилденген. Биз негизинен кичине параметрдин $(\varepsilon = 0)$ нөлдүк маанисинде тартиби төмөндөөчү СДТди изилдөөгө арналган жумуштарды анализдейли.

СДТдин баштапкы жана чектик шарттары менен чыгарылыштары изилденген жумуштарга Л.С.Понтрягиндин, Е.Ф.Мищенконун, Н.Х.Розовдун, А.Н.Тихоновдун, А.Б.Васильеванын, В.Ф.Бутузовдун, М.И.Иманалиевдин, К.Алымкуловдун, П.С. Панковдун, К. Какишовдун, С. Каримовдун, К.С.Алыбаевдин, Г.М. Кененбаеванын, Д.Турсуновдун, К.Б. Тампагаровдун жумуштарын киргизүүгө болот.

Л.С.Понтрягиндин, Е.Ф.Мищенконун, Н.Х.Розовдун жумуштарында релаксациялык термелүүлөр изилденген, ал эми А.Н. Тихонов жалпы түрдөε боюнча пределге өтүү жөнүндөгү маселени чечкен, берилген СДТ(R)нин чыгарылышыε боюнча кубулган теңдеменин чыгарылышына умтулуунун жетиштүү шарттарын келтирген. А.Б.Васильева ε параметри боюнча чыгарылыштын асимптотикалык ажыралмасын түзгөн жана В.Ф. Бутузов менен биргеликте СДТди чектик шарттары менен изилдешкен. Баштапкы секириктери менен СДТлер М.И. Вишиктин, Л.А.Люстерниктин жана К.А.Касымовдун жумуштарында изилденген. Чектик шарттары менен СДТлер К. Алымкуловдун жумуштарында, ал аркылуу иштелген усулдарды колдонуу менен изилденген. М.И.Иманалиев интегро-дифференциалдык СДТдин чечимдеринин ажыралмасын алуунун бир топ ыңгайлуу усулун иштеп чыккан. М.И.Иманалиев жана П.С. Панков, Г.М.Кененбаева СДТ теориясында бир катар жаңы кубулуштарды табышкан. К.Какишов СДТнин он жагы көз каранды эмес өзгөрмөнүн кээ бир маанилеринде үзүлүүгө ээ болгон учурду караган жана М.И. Иманалиевдин методун колдонуп чечимдин асимптотикалык ажыралмасын түзгөн.

С.Каримов, К.С.Алыбаев, Д.Турсунов, К.Б. Тампагаров СДТдин чечимдерин комплекстик аймакта изилдешкен. Берилген СДТнин чечимдери, тиешелүү болгон кубулган теңдемелер (КТ) жалгыз чечимге ээ учурда, кошумча шарттары менен изилденген.

СДТдин теория системасында жаңы эффектерди жана кубулуштарды системалуу издөө үчүн СДТ(R) (чыныгы аргументтүү СДТ) кубулган системанын чечимдеринин көптүгүн чекиттик деп кароо сунушталган, ал эми СДТ(C) (комплекстүү аргументүү СДТ) үчүн изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.

Кубулган теңдеме эки же андан көп чечимге ээ болуп, (КТ)нин чечимдерин бөлүү аркылуу СДТ(RVC) изилдөө актуалдуу маселе болот жана бул маселени чечүү берилген жумуштун негизги мазмунун түзөт.

Диссертациянын темасынын илим изилдөө жумуштар менен байланышы. Жумуш Ош технологиялык университетинин «Колдонмо математика» кафедрасынын илим изилдөө темасы менен байланышта аткарылган.

Изилдөөнүн максаты.1.Берилген СДТнин чечиминин ага тиешелеш болгон (КТ)нин чечимине асимптотикалык жакындашуусун изилдөө.2. Башкы көптүктү (БК) бөлүүгө негизделген СДТ(RVC) изилдөөнүн бирдиктүү усулун иштеп чыгуу.3.(БК) бөлүү, тартуучу көптүктөр жана алар менен байланышкан башка түшүнүктөрдү аныктоо.4. (БК) бөлүү усулун иштеп чыгуу.5. (КТ) чечимдери үчүн (кабыл алынган аныктамаларга ылайык) тартуучу жана чектеш тартуучу көптүктөрдүн жашашын далилдөө.6. СДТ(С) үчүн тартуучу аймактардын чектерин аныктоо.

Изилдөөнүн усулдары: - Берилген негизги функцияларды (НФ), негизги вектор функцияларды (НВФ) жана кубулган теңдемелердин чечимдеринин көптүгүн колдонуу менен (БК) бөлүү; - Изилденүүчү маселени эн жөнөкөй түргө алып келүүчү аймактарды конформдуу чагылдыруу; - Интегралдардын асимптотикалык туюнтулушу; - СДТ чечимдеринин жана тартуучу көптүктөрдүн жашашын далилдөөдө колдонуу; - Удаалаш жакындаштырууну; -Удаалаш жакындаштырууну бир калыпта жыйналуучулугун далилдөө үчүн катарларды салыштырууну пайдалануу.

Илимий жаңылык: 1. (КТ) бир нече чечимдерге ээ болгон учурда СДТ(R∨C) чечимдерин изилдөөнүн (БК) бөлүүгө негизделген усулдун иштелиши. 2. (КТ) чечимдери үчүн тартуучу көптүк түшүнүгү киргизилүү менен (БК) бөлүктөрүнүн жана (КТ) чечимдеринин ортосундагы байланыш түзүлгөн. 3. (КТ) айрым чечимдери үчүн тартуучу көптүктүн жашабай калган учурлары каралган. 4. СКТ(R) үчүн тартуучу интервалынын жана бириктирилген системанын (А.Н.Тихонов боюнча) тынч абал чекитинин туруктуулук интервалынын ортосундагы байланыш изилденген. 5. Тартуучу аймактын баштапкы маанилерден көз карандылыгы далилденген жана тартуучу аймактардын кенейтүү мүмкүнчүлүктөрү каралган. 6. СКТ(С) чечимдерин кандайдыр бир сызыктарда көрсөтүү аркылуу тартуучу аймактардын жашашы далилденген. 7.Тартуучу көптүктөрдүн жашашы (КТ) чечимдеринин туруктуулук шарты колдонулбай ишке ашырылган.

Диссертациялык жумуштун теориялык мааниси. Жумушта (КТ) бир нече чечимдерге ээ болгон СДТди изилдөөнүн жаңы усулу иштелип чыккан. Усулдун негизин жаңы киргизилген түшүнүктөр: (БК)дү бөлүү, тартуучу көптүк жана алар менен байланышкан түшүнүктөр түзөт.

Биринчи жолу берилген СДТлердин чечимдери каралган аймактардын кээ бир сызыктарында жана римандык беттерде көрсөтүлгөн.

Жумуштун практикалык баалуулугу. Жумушта алынган жыйынтыктар бир нече стационардык чечимдерге ээ болгон жана дүүлүгүнүн (ички жана сырткы) таасири менен бир абалдан башка бир абалга көз ирмемде өткөн (суюктуктун илешкээктүүлүк менен агымы учурундагыдай) процесстерди изилдөөдө колдонулушу мүмкүн. Мындай процесстер кванттык физикада, гидродинамикада, дүүлүгүү теориясында, термелүүдө, автоматтык жөнгө салуу теориясында, башкарууда, электротехникада, радиотехникада, механизмдер жана машиналар теориясында байкалат.

Ошондой эле жыйынтыктарды “Математика” багыты боюнча студенттер, магистрлер, аспиранттар үчүн сингулярдуу дүүлүккөн теория боюнча лекциялык курстарды окууда, СДТлер менен байланышкан башка теоретикалык маселелерди чечүү үчүн колдонсо болот.

Коргоого коюлган негизги жоболор

1. Кубулганда чечимдин жалгыздыгын жоготкон СДТди системалуу изилдөө үчүн башкы көптүктөр (БФ), негизги функциялар (НФ),

негизги вектор функциялар (НВФ), башкы көптүктөрду (БК) бөлүү түшүнүктөрүн киргизүү менен жаңы усул иштелип чыккан.
2. (НФ) жана (НВФ) колдонуу менен (БК) бөлүү жүргүзүлгөн.
3. (КТ) чечимдерин бөлүүчү (КТ) чечимдеринин тартуучу көптүгү түшүнүгү киргизилген.
4. Тартуучу көптүктөрдүн жашашынын жалпы шарттары келтирилген.
5. Тартуучу аймактардын чектерин аныктоо жана кеңейтүү, маселелери чечилген.

Жумуштун апробациясы. Жумуштун жыйынтыктары төмөнкү семинарларда жана конференцияларда баяндалган жана талкууланган.

- Кыргызстандын түштүгүндөгү математиктердин илимий семинарында (профессор, КР УИА корреспондент-мүчөсү К. Алымкуловдун жетекчилиги астында);
- Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий семинарында (ф.-м.и.д, проессор К.С.Алыбаевдин жетекчилиги астында);
- М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин “КМ” кафедрасынын илимий-методикалык семинарларында (Ош ш.,Кыргызстан,2008-2018ж);
- Бүткүл дүйнөлүк түрк тилдүү мамлекеттердин математикалык коомунун V конгрессинде (Булан-Соготту а., Кыргызстан, июнь, 2014-ж.);
- Ысык-Көлдөгү эл аралык математиктердин форумунда (Бостери а.,Кыргызстан, июнь, 2015-ж.);
- Академик М.И. Иманалиевдин 85 жылдыгына арналган “Математиканын асимптотикалык, топологиялык жана компьютердик усулдары” аттуу V эл аралык илимий конференциясында (Бишкек ш.,сентябрь, 2016-ж.)
- Академик А.Жайнвковдун 75 жылдыгына арналган “Илимде, техникада жана билим берүүдө маалыматтык технологиялар жана математикалык моделдер” аттуу эл аралык илимий конференцияда (Бишкек ш.,октябрь, 2016-ж.);
- Ош технологиялык университетинин “ОшТУнун илимий сессиясы”аттуу семинарында (Ош ш., Кыргызстан,январь, 2016-ж.);
- “Илимдеги инновациялар” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Новосибирск ш., Орусия, ноябрь, 2016-ж.);
- “Табигый жана математикалык илимдер” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Нобосибирск ш.,Орусия, декабрь,2016-ж.);
- “Бекболотовдук окуулар” аттуу илимий-практикалык конференцияда (Жалал-Абад ш.,Кыргызстан, февраль, 2017-ж.);
- Илим күнүнө арналган илимий-практикалык конференцияда (Жалал-Абад ш., Кыргызстан, ноябрь,2017-ж.);
- “Илимдин жыйынтыктары теорияда жана практикада” аттуу эл аралык илимий-практикалыкконференцияда (Москваш.Орусия,декабрь,2017ж);
- “II Бөрүбаевдик окуулар” атуу эл аралык илимий конференцияда (Бишкек ш., март, 2018);

- ЖАМУнун 95 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Жалал-Абад ш., Кыргызстан, апрель, 2018-ж.);
- Академик А.М. Самойленконун 80 жылдыгына арналган “Математикалык анализ, дифференциалдык теңдеме жана колдонулуштар” аттуу 8-эл аралык MADEA 8 конференцияда (Бишкек-Чолпон-Ата ш., Кыргызстан, июнь, 2018-ж.);
- “Анализ жана колдонмо математика боюнча эл аралык конференция” (ICAAM) аттуу эл аралык илимий конференцияда (Лефкоса ш., Түндүк Кипр, 2018-ж.);
- “Учурдагы илимдин теориялык жана практикалык суроолору” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Москва ш., Орусия, июль, 2018-ж.);

Жарыя наамалар. Диссертациянын негизги натыйжалары 11 макалада жана 6 баяндама тезистер түрүндө жарык көргөн. Биргелешкен жумуштарда К.С.Алыбаевке маселенин коюлушу, ал эми авторго бүтүндөй коюлган маселени чечүү таандык. РИНЦ системасы боюнча бардыгы 11 жумуш жарык көргөн: анын ичинен 4макала Кыргызстандын РИНЦнен, 6 макала Россиянын РИНЦнен, аларды ичинен 2 макаланын импакт фактору 0,207, 2 макаланын импакт фактору 0,149, бир макала импакт фактору 0,22 Scopus тан жарык көргөн.

КР ЖАКы кабыл алган упайларды эсептөө шкаласы боюнча жарык көргөн жумуштардын жыйынтыгы -240 упайды түздү.

Жумуштун көлөмү жана структурасы.Жумуш мазмундан, шарттуу белгилердин тизмесинен жана аныктамалардан, жумушта кабыл алынган түшүнүктөрдөн жана кыскача колдонулган математикалык жазмалардан, кыскартуулардан, киришүүдөн, базалык жана далилдөөчү бөлүктөрдөн турат.1-глава жана 2-глава базалык бөлүктү түзүшөт. Далилдөөчү бөлүк 3-4-главадан турат. Главалар параграфтарга, ал эми параграфтар (зарыл болгондо) бөлүкчө пункттарга бөлүнгөн. Ар бир главадан кийин глава боюнча жалпы бүтүмдөр, ал эми аягында жумуштун жыйынтыгы келтирилген. Колдонулган булактардын тизмеси 94 аталыштан турган тизме түзүлгөн. Диссертация жалпы көлөмү машина жазмасында Times News Roman менен 14 өлчөмүндө КР ЖАКтын президиумунун 28.06.2018 №112токтомунун бекитилген көрсөтмөсүнө ылайык терилген жана жалпы көлөмү 150 бетти түзөт. Диссертациялык жумушта 33 сүрөт камтылган. Главаларды номерлөө –(удаалаш) коюлган. Параграфтын номери чекиттер менен бөлүнгөн эки сандан турат. Биринчи сан главанын номерин, ал эми экинчиси параграфтын номерин билгизет. Теоремалар, аныктамалар, формулалар, сүрөттөр жана шарттар үч сан менен номерленген. Биринчи сан главанын номерин, экинчи- параграфтын номерин, ал эми үчүнчү-теореманын, аныктаманын, формуланын, сүрөттүн жана шарттын номерлерин билгизет. Ошондой эле параграфтын бөлүкчө пункттары үч сан менен номерленген жана биринчиси главанын номерин, экинчиси параграфтын, ал эми үчүнчүсү бөлүкчө пункттун номерин билдирет.

Жумушта төмөнкү аныктамалар кабыл алынган:

Аныктама 1. 1.(НФ) же (НВФ) жана, (НФ) же (НВФ) аныкталганΔ көптүгү берилген. 2. (НФ) жана (НВФ)га {(U)} шарттары коюлган. 3. {(U)} шарттары Δкөптүгүн бөлүктөргө бөлөт.1-3 шарттары аткарылганда Δ көптүгүн {(U)} шарттарына карата бөлүү жүргүзүлдү деп айтабыз.

Аныктама 2. Тендеменин көз каранды эмес өзгөрүлмөлөрүнүн маанилеринин көптүгүн башкы көптүктөр деп атайбыз жана (БК) деп белгилейбиз.

Аныктама 3. $z(t,\varepsilon)$ **–** берилген СДТнин чечими (кээ бир баштапкы шарттарды канаттандыруучу) болсун жана $\xi(t)$ - Δ көптүгүндө аныкталган СДТ тиешелеш (КТ)нин чечими болсун. Эгерде $\forall t \in \Delta$ $(z(t,\varepsilon) \to \xi(t)$ ε боюнча) болсо, анда $\Delta\xi(t)$ чечиминин тартуучу көптүгү деп атайбыз жана$\Delta\big(\xi(t)\big)$көрүнүштө белгилейбиз.

§2.1де өтө анык жана түшүндүрмөлүү аныктамалар берилген. "Көптүк" түшүнүгү эки мааниде колдонулат. Эгерде $t \in R$ болсо, анда "көптүк" ≡ "интервал"; $t \in$ Cболсо, "көптүк" ≡ "аймак".

Аныктама 4. 1. $\Delta = \Delta_1 \cup \Delta_2$.2. $\Delta_1\big(\xi_1(t)\big)$, $\Delta_2\big(\xi_2(t)\big)$мында $\xi_1(t)$, $\xi_2(t)$– (КТ)нин чечимдери болушсун. Эгерде 1-2-шарттар аткарылса, анда Δ_1 жана Δ_2көптүктөрүн чектеш тартуучу көптүктөр деп атайбыз.

Жумуштун кыскача мазмуну

1-глава бул жумушка өз ара байланышы бар мурда жумуштардын кыскача жыйынтыктарын камтыйт жана үч параграфтан турат.

Биринчи параграфта А.Н.Тихоновдун пределге өтүү, А.Б.Васильева, М.И.Иманалиев жана алардын окуучулары тарабынан алынган чектик катмарлардын, ошондой эле Л.С. Понтрягин, Е.Ф. Мищенко тарабынан алынган релаксациялык термелүүнүн теориясын жана М.И.Иманалиев, П.С.Панков жана Г.М.Кененбаева тарабынан жүргүзүлгөн СДТ(R) теориясындагы "эффекттер" жана "кубулуштар" боюнча жыйынтыктар камтылган.

Пределге өтүү теориясында жана чектик катмарларда берилген СДТ(R)ге тиешелеш (КТ)лер бир чечимге ээ болушат. Релаксациялык термелүүлөрдү изилдөөдө (КТ)нин чечимдеринин туруктуулугу колдонулган. Жаңы "эффектерди" жана "кубулуштарды" алуу үчүн (КТ)нин чечиминин көптүгү (КТ)нин ар бир чечимдери бөлүнбөстөн чекиттик көптүк катары каралган.

§1.2 СДТ(С) М.А.Шишкова, А.И. Нейштдат, К.С.Алыбаев, Г.М.Анарбаева, Д.А. Турсунов, М.А. Азимбаев, К.Б.Тампагаров тарабынан алынган изилдөөлөрдүн натыйжаларын камтыйт. Жогорудагы көрсөтүлгөн жумуштарда берилген СДТ(С)лер кубулганда жалгыз,обочолонгончечимге ээ болушат. Буга чейин кубулганда бир нече чечимге ээ болгон СДТ(С)лер изилденген эмес.**§1.3** тө 1-глава боюнча бүтүм келтирилген.

2-глава маселенин жалпы коюлушун жана колдонулуучу жардамчы материалдарды камтыйт жана сегиз параграфтан турат.

§1.2ге маселенин жалпы коюлушу киргизилген. Берилген жумуштун негизги изилдөө объектиси болуп $n(n \geq 1)$ биринчи тартиптеги СДТ$(R \vee C)$турган

$$\varepsilon z'(t,\varepsilon) = f\big(t, z(t,\varepsilon)\big) \quad (1)$$

$$z(t_0,\varepsilon) = z^0(\varepsilon) \quad (2)$$

баштапкы шарты менен каралат.$t \in \Delta \subset C$ и Δ - бир байламталуу аймак,
$t_0 \in \Delta$ жана анын ички чекити;$z(t,\varepsilon) = colon\big(z_1(t,\varepsilon), \dots, z_n(t,\varepsilon)\big), n \in N$;
$f(t,z)$- t, z өзгөрүлмөлөрү боюнча кандайдыр бир H аймагында аныкталган комплекс маанилүү аналитикалык функция,

$$f(t,z) = colon\big(f_1(t,z), f_2(t,z), \dots, f_n(t,z)\big).$$

(1)ге тиешелеш (КТ)$f\big(t,\xi(t)\big) = 0$ түргө ээ. (3)

(3) система $\xi_j(t)(j = 1, \dots, k)$обочолонгон чечимге ээ болот деп эсептейли.

Аныктама2.1.1. Эгерде $\xi_j(t) \in Q(\Delta)$ жана $\forall t \in \Delta \left(\xi_j(t) \neq \xi_m(t) j \neq m\right)$, анда $\xi_j(t)$жана$\xi_m(t)$ чечимдери Δ аймагында обочолонгон деп аталат. $Q(\Delta)$- Δ аймагындагы аналитикалык функциялардын мейкиндиги.

Аныктама 2.1.2. Шарттар аткарылсын 1. t_0 чекитин камтыган $\Delta_j \subset \Delta$ аймак жашасын. 2.$\forall t \in \Delta_j$(1)-(2) маселесинин чечими $z(t,\varepsilon)$,жашасын.
3. $\forall t \in \Delta_j\big(z(t,\varepsilon) \to \xi_j(t)\ \varepsilon$ боюнча$\big)$.

Бул шарттар аткарылганда Δ_j аймагын $\xi_j(t)$ чечиминин тартуучу аймагы деп атайбыз. (1)-(2) маселе $t \in [t_0, T]$ - чыныгы октун кесиндисинде каралсын жана (3) кубулган теңдеме$t \in [t_0, T]$аралыкта аныкталган $\xi_j(t)$
$(j = 1,2, \dots, k)$ чечимдерге ээ болсун.

Аныктама 2.1.3. Эгерде $\xi_j(t) \in \mathrm{C}^1([t_0, T])$жана$\forall t \in [t_0, T]$
$\big(\xi_j(t) \neq \xi_m(t) j \neq m\big)$ болсун, анда $\xi_j(t)$жана$\xi_m(t)$ чечимдер$[t_0, T]$да обочолонгон деп аталат.

Аныктама 2.1.4. 1. $\big(t_0, t_j\big) \subset [t_0, T]$ интервалы жашасын;2. $\forall t \in \big(t_0, t_j\big)$(1)-(2) маселесинин $z(t,\varepsilon)$ чыгарылышы жашасын;3. $\forall t \in \big(t_0, t_j\big)\big(z(t,\varepsilon) \to \xi_j(t)\ \ \varepsilon$ боюнча$\big)$; анда $\big(t_0, t_j\big)$ны $-\xi_j(t)$ чечиминин тартуучу интервалы деп атайбыз.

Маселе. (1) теңдемесинин оң жагына кандай шарттарды канаттандырганда $\xi_j(t)$ чечимдеринин тартуучу аймактары(интервалдары) жашайт?

Кийинки изилдөөлөрдүн негизин ар түрдүү биринчи тартиптеги СДТ(R) жана СДТ(C) же алардын системасы үчүн коюлган маселени чечүү түзөт.

§2.2денегизги функциялар (НФ), негизги вектор функциялар (НВФ) жана башкы көптүктөрдү бөлүү аныкталган. Эгерде (СДТ) берилсе

$$\varepsilon z'(t,\varepsilon) = a(t)z(t,\varepsilon) + \varepsilon b(t) + f\big(t, z(t,\varepsilon)\big), \quad (4)$$

анда t боюнча анын оң жагы кандайдыр бир Δ көптүгүн аныктайт.

Аныктама 2.2.1. $a_j(t)$ функциясын негизги функция (НФ) деп атайбыз.

Бир нече теңдемеден турган биринчи тартиптеги система каралсын.

$$\varepsilon z'(t,\varepsilon) = A(t)z(t,\varepsilon) + \varepsilon b(t) + f\big(t, z(t,\varepsilon)\big), \quad (5)$$

мында $A(t)$ - $n \times n$ тартибиндеги квадраттык матрица; $b(t) = colon(b_1(t), \dots, b_n(t), f(t,z) = colon(f_1(t,z), \dots, f_n(t,z);\ t \in \Delta$жана тиешелеш кубулган система $\xi_k(t)$–n чендүү вектор-мамыча $(k = 1,2, \dots, m)$обочолонгон чечимдерге ээ болсун.
(5) системада $z(t,\varepsilon) = \xi_k(t) - v_k(t,\varepsilon)$ деп алуу менен, мында $v_k(t,\varepsilon)$ – жаңы белгисиз вектор функция, төмөнкү системаны алабыз

$$\varepsilon v_k'(t,\varepsilon) = A_k(t)v_k(t,\varepsilon) + \varepsilon b_k(t) + f_k\big(t, v_k(t,\varepsilon)\big). \qquad (6)$$

$A_k(t)$ матрицасы ар бир бекемделгенkүчүн ар түрдүү $a_{kj}(t)(j = 1,2, \dots, n)$өздүк маанилерге ээ болсун. Бул учур үчүн Δ (бекемделгенkда)көптүгү $\{a_{kj}(t), b_{kj}(t), f_{kj}(t, v_k)\}$ жыйындылар менен аныкталат.

Аныктама 2.2.2. $a_{k0}(t) = \big(a_{k1}(t), \dots, a_{kn}(t)\big)$ вектор функциясын негизги вектор- функция (НВФ) деп атайбыз.

Кубулган теңдеменин (системанын) чечимдери ар түрдүү тартуучу көптүктөргө ээ болорун алдын ала күтүүгө болот жана негизги маселе мындай көптүктөрдү тактоо болуп калат. Ошентип, тартуучу көптүктүн жашашын далилдөө үчүн алдын-ала кандайдыр бир каражаттардын жардамы менен көптүктөрдү бөлүккө бөлүүнү жүргүзүү жана тартуучу көптүктөр боло турган бөлүктөрдү ажыратып алуу керек. Демек көптүктөрдү “бөлүү” эки түзүүчүдөн турат: “көптүктөрдү бөлүккө бөлүү” жана “бөлүктөрдү тандап алуу”. (БК)тү бөлүү (НФ) же (НВФ) колдонуу менен ишке ашырылат, ал эми тандоо жана тартуучу жашашы көптүктөрдүн теоремаларда тастыкталат.

§2.3 гармоникалык функциялардын дэңгээл сызыктарынын касиеттерине тийиштүү болгон материалдарды камтыйт.

§2.4тө гармоникалык функцияларды колдонуу менен аймактарды бөлүү ыкмалары баяндалган. $a_j(t)(j = 1,2, \dots, n\ )$ функциясы берилип жана U 2.4.1 $a_j(t) \in Q(\Delta)$жана$\forall t \in \Delta\ \big(a_j(t) \neq 0\big)$ шарты аткарылсын .
$A_j(t) = \int_{t_0}^{t} a_j(\tau)d\tau$ функциялары аныкталган, мында $t_0 \in \Delta$ жана анын ички чекити, $t = t_1 + it_2$, $ReA_j(t) = A_{j1}(t_1,t_2)$, $\Im m A_j(t) = A_{j2}(t_1,t_2)$.
$(p_{0j1}) = \{t \in \Delta \mid ReA_j(t) = 0\}$ сызыгы Δ аймагын $\Delta_{j11}, \Delta_{j12}$ бөлүктөргө бөлөт.

$$\Big(\forall t \in \Delta_{j11}\big(A_{j1}(t_1,t_2) \le 0\big) \wedge \forall t \in \Delta_{j12}\big(A_{j1}(t_1,t_2) \ge 0\big)\Big)(\mathrm{A1})$$

шарты кабыл алынган. Ушундай эле $(p_{0j2}) = \{t \in \Delta \mid JmA_j(t) = 0\}$сызык$\Delta$аймагын Δ_{j21}, Δ_{j22}бөлүктөргө бөлөт.

$$\Big(\forall t \in \Delta_{j21}\big(A_{j2}(t_1,t_2) \le 0\big) \wedge \forall t \in \Delta_{j22}\big(A_{j2}(t_1,t_2) \ge 0\big)\Big)(\mathrm{A2})$$

шарты алабыз.$(p_{j11}), (p_{j12}), (p_{j21}), (p_{j22})$:$(p_{j1k}) = \{t \in \Delta \mid ReA_j(t) = p_{j1k} - const\}, (p_{j2k}) = \{t \in \Delta \mid \Im m A_j(t) = p_{j2k} - const\}, (k = 1,2)$денгээл сызыктары менен чектелген Δ_{j0} аймак аныкталган. 1- сүрөт.



1-сүрөт

t_0 чекити Δ_{j0} аймагынын ички чекити болот.

Аныктама 2.4.1. Δ_{j0} аймагын базалык деп атайбыз жана $\Delta_{j0}(\mathrm{B})$ белгилейбиз.

§ 2.5те §2.4тө аныкталган базалык аймактарды $w = A(t)$ (j - фиксированное) конформдуу чагылдыруусун колдонуу w тегиздигинин $(\mathcal{P}_{j0})$тик бурчтугуна чагылдырылган.

§ 2.6 §2.4тө аныкталган базалык аймактардын кесилиши жөнүндөгү маселени чечүүгө арналган. $\Delta_{j0}(B)(j = 1,2,\dots,n)$ базалык аймактар аныкталсын. $ReA_j(t) \le 0$ боло турган$\bigcap_j \Delta_{j0} = \Delta_0$ жашайбы? Ар бир өзүнчө алынган $\Delta_{j0}(B)$ $ReA_j(t) = A_{j1}(t_1, t_2) \le 0$ аткарылган бөлүккө ээ.$\Delta_0(B1)$ белгилөөсү киргизилет.

Аныктама 2.6.1. $\Delta_0(\mathrm{B}1)$ аймагын 1-түрдөгү базалык аймак деп атайбыз.$a_j(t)(j = 1,2), t \in \Delta$ функциялары каралат жана $a_j(t)$ үчүн U2.4.1 шарты жана (A1), (A2) макулдуктары аткарылат. $A_{j1}(t_1, t_2) = Re\int_{t_0}^{t} a_j(\tau)d\tau$ функциялары үчүн $\Delta_{0j}(\mathrm{B}1)$ төрдө белгиленген 1- түрдөгү базалык аймактар жашайт. Кандай шарттарда $\bigcap_{j=1}^{2} \Delta_{0j}\,(\mathrm{B}1) = \Delta_{02}$ жашайт деген маселеси коюлат.$\Delta_{02}(\mathrm{B}2)$ белгилөөсү киргизилген.

Аныктама 2.6.2. $\Delta_{02}(B2)$ аймагын 2-түрдөгү базалык аймак деп атайбыз.$(p_{j1}) = \{t \in \Delta \big| A_{j1}(t_1, t_2) = p_{j1} - const\} j = 1,2$ денгээл сызыктары аныкталган жана $\{(p_{j1})\}$ көптүктөрү түзүлгөн.

U2.6.1 Каалагандай$(p_{11}) \in \{(p_{11})\}$жана$(p_{21}) \in \{(p_{21})\}$ сызыктары бир гана чекитте кесилишетшарты аткарылсын.

U2.6.1шартына ылайык Δ аймагы төрт $\Delta_k(k = 1,2,3,4)$бөлүккө бөлүнөт жана бир гана бөлүгүндө$A_{j1}(t_1, t_2) \le 0(j = 1,2)$аткарылат, ал эми калган бөлүктөрдө $A_{j1}(t_1, t_2)$ функциялары биргеликте ар түрлүү белгилерге ээ. $A_{j1}(t_1, t_2) \le 0\ (j = 1,2)$ болгон бөлүк Δ_1деп болуп белгиленет(2-сүрөт).

2.6.1 аныктамага ылайык Δ_1 аймагы 2-түрдөгү базалык аймак болот.



2-сүрөт.

$\forall t \in \Delta_1\big(A_{j1}(t_1,t_2) \le 0\big), \forall t \in \Delta_2(A_{11}(t_1,t_2) \le 0,\ A_{21}(t_1,t_2) \ge 0), \forall t \in \Delta_3(A_{11}(t_1,t_2) \ge 0, A_{21}(t_1,t_2) \le 0), \forall t \in \Delta_4\big(A_{j1}(t_1,t_2) \ge 0\big).$ (A3) макулдашуусу кабыл алынган. Кийинки изилдөөлөр үчүн Δ_k аймагын бөлүү жүргүзүлгөн.$\big(p_{1\varepsilon}^{\pm}\big) = \{t \in \Delta \mid A_{11}(t_1,t_2) = \mp\varepsilon ln\varepsilon\}$,

$\big(p_{2\varepsilon}^{\pm}\big) = \{t \in \Delta \mid A_{21}(t_1,t_2) = \mp\varepsilon ln\varepsilon\}$ денгээл сызыктары киргизилген. Δ аймагын бөлүү (3-сүрөттө) көрсөтүлгөн.



3-сүрөт

$(p_{1\varepsilon}^-)$ жана $(p_{2\varepsilon}^-)$ менен чектелген Δ_1 бөлүгү $\Delta_{1\varepsilon}$; $(p_{1\varepsilon}^-)$ жана $(p_{2\varepsilon}^+)$ менен чектелген Δ_2 бөлүгү $\Delta_{2\varepsilon}$; $(p_{1\varepsilon}^+)$ жана $(p_{2\varepsilon}^-)$ менен чектелген Δ_3 бөлүгү $\Delta_{3\varepsilon}$; $(p_{1\varepsilon}^+)$ жана $(p_{2\varepsilon}^+)$ менен чектелген Δ_4 бөлүгү $\Delta_{4\varepsilon}$аркылуу белгиленген;

§ 2.7 де ийрилердин ар түрдүү (Жордан, Кантор, Урысон боюнча) аныктамалары келтирилген жана$\varepsilon z'(t,\varepsilon) = a(t)z(t,\varepsilon) + f(t, z(t,\varepsilon), \varepsilon)$ түрдөгү биринчи тариптеги СДТ $z(t_0,\varepsilon) = z^0$ баштапкы шартын канаттандырган чечими мында $t \in \Delta \subset C$ и $t_0 \in \Delta$ жана анын ички чекити,

U2.7.1 $a(t) \in Q(\Delta)$.

U2.7.2 $f(t,z,\varepsilon) \in Q(H)$, мында $H\!-\!(t,z)$ өзгөрүлмөлөрүнүн кээ бир көптүктөрү$f(t,z,\varepsilon)\varepsilon$боюнча үзгүлтүксүз, шартында түздөлүүчү Жордандык ийрилердин $p_k(k = 1,2,3,\dots,n)$ бөлүктөрдөн турган ийримдерде каралып, ар бөлүктө чечим көрсөтүлгөн. Бул көрсөтүүлөр 3 жана 4-главаларда колдонулат.

§ 2.82-глава боюнча жыйынтыкты камтыйт.

3-главада биринчи тартиптеги СДТлер каралган жана глава алты параграфтан турат.

§ 3.1 де$\varepsilon z'(t,\varepsilon) = f(t,z) = a(t)(z(t,\varepsilon) - b_1)(z(t,\varepsilon) - b_2)$, (7)
теңдемеси каралган, мында$t \in [0,T], b_j \in R_+ (j = 1,2)$жана$0 < b_1 < b_2$,

$$t_0 = 0, z(0,\varepsilon) = z^0 - const \quad (8)$$

баштапкы шарттары менен каралган,U3.1.1 $a(t) \in C([0,T])$
U3.1.2 $a(t) < 0\ (0 \le t < t_0); a(t_0) = 0;\ a(t) > 0\ (t_0 < t \le T)$шарттары аткарылсын
Кубулган тендеменин ээ: $\xi_1 = b_1, \xi_2 = b_2$,.... , чечимдери (9)
Тартуучу интервалдардын жашашынын жана тынч абал чекиттин туруктуулугунун интервалдары менен болгон байланышы төмөнкү теорема аркылуу чечилет.
Теорема 3.1.1.(7)-(8) маселеси каралып жана U3.1.1, U3.1.2 шарттары аткарылсын. Анда (9) чечимдер үчүн тартуучу интервалдар жашайт жана тартуучу интервалдардын айрымдары тынч абал чекиттердин туруксуз интервалдарын камтыйт.
Алынган натыйжалардын анык экендигин тастыктаган мисалдар келтирилген.

1. $a(t) = -\cos t, t \in R.$ 2. $a(t) = \begin{cases} 2(t-1), 0 \le t \le 2; \\ 2(t-3), 2 \le t \le 4; \\ 2(t-5), 4 \le t \le 6. \end{cases}$

Андан кийин $\varepsilon z'(t,\varepsilon) = f(t,z) = a(t)z(z - b_1)(z - b_2)$, (10)
теңдемеси каралат, мында$t \in [0,T]$, $b_j \in R_+$ и $b_1 < b_2$,

$$z(0,\varepsilon) = z^0 - const \quad (11)$$

U3.1,U3.2 шарттары аткарылсын деп алынат. Берилген теңдемени $\Omega = \{(t,z) |\ 0 \le t \le T, 0 < z\}$ көптүктө карайбыз. Кубулган теңдеме төмөнкү чечимдерге ээ: $\xi_1 = 0, \xi_2 = b_{1,} \xi_3 = b_2$. (12)
Ω көптүгү $z = b_1,\ z = b_2$ түз сызыктары менен үч бөлүккө бөлүнөт:

$$\Omega_j = \{(t,z) |\ 0 \le t \le T, b_{j-1} < z < b_j\}, j = 1,2,3, \qquad b_0 = 0,\ b_3 = +\infty.$$

Төмөнкү теорема тартуучу интервалдардын жана таасирдүү аймактардын өз ара байланышын туюнтат.
Теорема 3.1.2. (10)-(11) маселеси каралсын жана $a(t)$ үчүн U3.1.1, U3.1.2 шарттары аткарылсын. Анда $(0, z^0) \in \Omega_j$ учурлардын ар бири үчүн (12) чечимдердин бирөөсү үчүн тартуучу интервалдар жашайт.
Мисалдар келтирилген.
1-мисал. $a(t) = 2(t-1), t \in [0,3], t_0 = 0, b_1 = 1, b_2 = 2.$
2-мисал. $a(t) = \sin t, t \in \left[-\frac{\pi}{2} + k\pi, \frac{\pi}{2} + k\pi\right], k \in Z_+$- терс эмес бүтүн сандардын көпттүгү, $t_0 = -\frac{\pi}{2}, b_1 = 1, b_2 = 2.$
§3.2Бернуллинин СДТлери

$$\varepsilon z'(t,\varepsilon) = a(t)z(t,\varepsilon) + b(t)z^2(t,\varepsilon) \quad (13)$$

$$z(t_0,\varepsilon) = z^0 - const, \quad (14)$$

баштапкы шарты менен t нын чыныгы жана комплекстүү маанилеринде изилденген.

§3.2 эки бөлүкчөдөн турат. 3.2.1бөлүкчөдө чыныгы аргументүү Бернуллинин тендемеси төмөнкү учурларда каралат: 1. U3.2.1. $a(t), b(t) \in C^2[t_0, T] \wedge \forall t \in [t_0, T](b(t) \neq 0)$.U3.2.2.$\forall t \in [t_0, T](a(t) < 0)$ (13)кө тиешелеш (КТ) $\xi_1(t) \equiv 0,\ \xi_2(t) = -a(t)/b(t)$ чечимдерге ээ.

